**Азат Абдысадыр уулу**

# Кыргыз тилинде ченемдик укуктук актыларды даярдоонун лингвистикалык-кодификациялык ченемдери

Бишкек 2014

**УДК**
**ББК**
**А**

**Абдысадыр уулу А.**
Кыргыз тилинде ченемдик укуктук актыларды даярдоонун лингвистикалык-кодификациялык ченемдери. – Б., 2014. – 16 б.

Бул китепке кыргыз тилинде ченемдик укуктук актыларды даярдоонун лингвистикалык-кодификациялык ченемдери киргизилди. Китеп жалпы окурмандарга арналат.

УДК
ББК

© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия,2014
© Абдысадыр уулу Азат, 2014

## 1. Негизги жоболор

**Лингвистикалык экспертиза** – ченемдик укуктук актылардын текстинде лингвистикалык кодификациянын эрежелеринин сакталышына текшерүү жүргүзүү.

**Лингвистикалык кодификация** – белгилүү бир тилдин адабий ченемдерин сактоого жана аларды илимий жактан негиздөөгө өбөлгө болуучу эрежелерди иштеп чыгуу жана колдонуу[1].

Лингвистикалык экспертизанын объекти болуп **ченемдик укуктук актылар** эсептелет.

Кодификация жеке маанисинде төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

1. Ченемдик укуктук актынын түзүмү (1-8-схемалар).
2. Ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү (9, 12-схемалар).
3. Ченемдик укуктук актыларга толуктоолорду киргизүү (10, 13-схемалар).
4. Ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табуу (11, 14-схемалар).
5. Ченемдик укуктук актыларды номерлөөнүн тартиби (15-16-схемалар).
6. Ченемдик укуктук актыга эскертме киргизүү (17-схема).
7. Ченемдик укуктук актынын тиркемелерин тариздөө (18-19-схемалар).

8. Ченемдик укуктук актыны жазуунун методу (20-24-схемалар).

---

[1] Кожемякина В.А., Колесник Н.Г., Крючкова Т.Б. Словарь социолингвистических терминов М., ИЯРАН, 2006, 312 с.

9. Ченемдик укуктук актылардын шаблондору (25-35-схемалар).

## 2. Ченемдик укуктук актылар

**Ченемдик укуктук акт** - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же болбосо референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган), укук ченемдерин (укуктук ченемдерди) белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган, аныкталган формадагы расмий документ;

Ченемдик укуктук актыларга төмөнкүлөр кирет (градациялык мүнөздө берилет):

Конституция;

конституциялык Мыйзам;

Кодекс;

Мыйзам;

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы;

Жогорку Кеңештин токтому;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому;

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын токтому;

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын токтому;

жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын токтому.

## 3. Ченемдик укуктук актынын түзүмү

Ченемдик укуктук акты **түзүмдүк элементтерден** жана **мааниге ээ болгон компоненттерден** турат (7-схема).

Түзүмдүк элементтерге төмөнкүлөр кирет:

Преамбула – ченемдик укуктук актыны кабыл алуунун (чыгаруунун) себептери, шарттары жана

| | | |
|---|---|---|
| | | максаттары жөнүндө маалыматтар камтылат (3, 4, 5-схемалар). |
| Бөлүк | – | сөздөр менен белгиленет жана анын аталышы болушу мүмкүн (1-схема). |
| Бөлүм | – | рим цифралары менен белгиленет жана баш тамгалар менен жазылган аталышы болуп, ал сапка ортолотуп жайгаштырылат (1-схема). |
| Глава | – | араб цифралары менен белгиленет жана баш тамгалар менен жазылган аталышы болуп, ал саптын ортосуна жайгаштырылат (1-схема). |
| Берене | – | араб цифралары менен белгиленет.<br>Колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген мыйзамдардын беренелерин кошпогондо, беренелер өз аталыштарына ээ болушу керек (1-схема). |
| Берененин бөлүгү | – | чекиттүү араб цифрасы менен белгиленет (1-схема). |
| Пункт | – | араб цифралары менен жабылма ийри кашаа коюлуп белгиленет (1-схема). |
| Пунктча | – | алфавиттин кичине тамгасы менен жабылма ийри кашаа коюлуп белгиленет (1-схема). |
| Абзац | – | биринчи саптагы чегинме менен бөлүнүп турат жана кичине тамга менен башталат. Биринчи абзац баш тамга менен башталат. Абзацтар үтүрлүү чекит менен бүтөт (акыркы абзацтан башкасы). Анын цифралык же тамгалык белгилениши болбойт (1-схема). |
| Графа | – | таблицанын вертикаль тилкеси (6-схема). |
| Сап | – | таблицанын горизонталь тилкеси (6-схема). |

**Мааниге ээ болгон компоненттерге** төмөнкүлөр кирет:

Сүйлөм – бүткөн бир ойду билдирген тилдин бирдиги.

Ал чекит, илеп белгиси, суроо белгиси, кош чекит, үтүрлүү чекит деген тыныш белгилери аркылуу башка сүйлөмдөрдөн ажыратылат (8-схема).

Сөз – Бүткөн бир түшүнүктү билдирген тилдин бирдиги. Ал текстте боштук (пробел) менен ажыратылат. Ченемдик укуктук актыларда катары менен бир нече сөз өзгөртүлүшү, алып салынышы же текстти толукташы мүмкүн (8-схема).

Цифра – сандык маанини билдирген математикалык бирдик. Алар 0дөн 9га чейинки сандар болуп эсептелет. Калган сандар текстте цифралар деп берилет. Мисалы: 10 – эки цифрадан, 1ден жана 0дөн турат, ошондуктан текстте 10 – цифралар деп аталат (8-схема).

## 4. Ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү

**Ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү** – ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерине жана мааниге ээ болгон компоненттерине өзгөртүүлөрдү киргизүү болуп эсептелет.

1. Ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерине өзгөртүүлөр киргизилсе, алар **жаңы редакцияда берилет** (9-схема).

2. Ченемдик укуктук актынын мааниге ээ болгон компоненттерине өзгөртүүлөр киргизилсе, алар **башка сүйлөмгө, сөзгө, цифрага алмаштырылат** (9-схема).

Ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү жазуунун **алгоритми** төмөнкүдөй:

**1-кадам.** Өзгөртүү киргизилүүчү ченемдик укуктук актынын түрү жана аталышы, анын реквизиттери аныкталат.

Мисалы:

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.)” (12-схема).

**2-кадам.** Өзгөртүү киргизилүүчү түзүмдүк элементтер градациялык түрдө аныкталат.

Мисалы:

4-берененин 1-бөлүгүнүн үчүнчү абзацындагы (12-схема).

**3-кадам.** Өзгөртүү киргизилүүчү мааниге ээ болгон компоненттер аныкталат.

Мисалы:

“1 жыл” деген цифра жана сөз (12-схема).

**4-кадам.** Алмаштыруучу компоненттер аныкталат.

Мисалы:

“2 жыл” деген цифра жана сөз менен алмаштырылсын (12-схема).

Ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жыйынтыгы эки түрдө жазылат.

**1-түр.** Ар бир өзгөрүүчү мааниге ээ болгон компонентти аныктоо жолу менен жазылат (12-схема).

Мисалы:

**1-берене**

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1. 4-берененин 1-бөлүгүнүн үчүнчү абзацындагы “1 жыл” деген цифра жана сөз “2 жыл” деген цифра жана сөз менен алмаштырылсын.

**2-түр.** Жаңы редакция катары жазылат (12-схема).

Мисалы:

**1-берене**

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1. 4-берененин 1-бөлүгүнүн үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“Лейтенант 2 жыл”.

**Эскертүү:** эгерде ченемдик укуктук актыга киргизилүүчү өзгөртүүлөрдүн саны тексттин жарымынан ашык болсо, же өзгөртүүлөрдү киргизүү техникалык жактан кыйынчылыктуу болсо ал жаны редакция түрүндө жазылат.

## 5. Ченемдик укуктук актыларга толуктоолорду киргизүү

**Ченемдик укуктук актыга толуктоолорду киргизүү** – ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерине толуктоолорду киргизүү болуп эсептелет.

Ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерине өзгөртүүлөр киргизилсе, алар **жаңы редакцияда берилет** же алар **сүйлөм, сөз, цифра менен толукталат** (10-схема).

Ченемдик укуктук актыга толуктоолорду киргизүүнү жазуунун **алгоритми** төмөнкүдөй:

**1-кадам.** Толуктоо киргизилүүчү ченемдик укуктук актынын түрү жана аталышы, анын реквизиттери аныкталат.

Мисалы:

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана

альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.)" (13-схема).

**2-кадам.** Толуктоо киргизилүүчү түзүмдүк элементтер градациялык түрдө аныкталат.

Мисалы:

4-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацы (13-схема).

**3-кадам.** Толуктоо киргизилүүчү мааниге ээ болгон компоненттердин позициясы аныкталат.

Мисалы:

"мөөнөттөрү" деген сөздөн кийин (13-схема).

**4-кадам.** Толуктоочу компоненттер аныкталат.

Мисалы:

"Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык" деген сөздөр менен толукталсын (13-схема).

Ченемдик укуктук актыга толуктоолорду киргизүүнүн жыйынтыгы эки түрдө жазылат.

**1-түр.** Ар бир толукталуучу түзүмдүк элементти жана толуктоо катары киргизилип жаткан мааниге ээ болгон компонентти аныктоо жолу менен жазылат (13-схема).

Мисалы:

**1-берене**

"Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.) төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

1. 4-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацы "мөөнөттөрү" деген сөздөн кийин "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык" деген сөздөр менен толукталсын.

**2-түр.** Жаңы редакция катары жазылат (13-схема).

Мисалы:

**1-берене**

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1. 4-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“1. Аскердик кызматта турган офицерлер үчүн офицердик курамдагы аскер наамдарында иштеген жылдарынын мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөнкүдөй белгиленет:”.

**Эскертүү:** эгерде ченемдик укуктук актыга киргизилүүчү толуктоолордун саны тексттин жарымынан ашык болсо, же өзгөртүүлөрдү киргизүү техникалык жактан кыйынчылыктуу болсо ал жаны редакция түрүндө жазылат.

## 6. Ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табуу

**Ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табуу** – ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерин же мааниге ээ болгон компоненттерин тексттен алып салуу болуп эсептелет.

Ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтери күчүн жоготту деп табылса, алар **күчүн жоготту** деп жазылат, мааниге ээ болгон компоненттер күчүн жоготту деп табылса, алар **алып салынсын** деп жазылат (11-схема).

Ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табууну жазуунун **алгоритми** төмөнкүдөй:

**1-кадам.** Күчүн жоготту деп табылуучу ченемдик укуктук актынын түрү жана аталышы, анын реквизиттери аныкталат.

Мисалы:

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.)” (14-схема).

**2-кадам.** Күчүн жоготту деп табылуучу түзүмдүк элементтер градациялык түрдө аныкталат.

Мисалы:

4-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацындагы (14-схема).

**3-кадам.** Күчүн жоготту деп табылуучу мааниге ээ болгон компоненттер аныкталат.

Мисалы:

“офицердик курамдагы аскер наамдарында” деген сөздөр алып салынсын (14-схема).

Ченемдик укуктук актыны күчүн жоготту деп табуунун жыйынтыгы эки түрдө жазылат.

**1-түр.** Ар бир күчүн жоготту деп табылуучу түзүмдүк элементти же мааниге ээ болгон компонентти аныктоо жолу менен жазылат (14-схема).

Мисалы:

**1-берене**

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1. 4-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацындагы “офицердик курамдагы аскер наамдарында” деген сөздөр алып салынсын.

**2-түр.** Күчүн жоготту деп табылуучу түзүмдүк элементти гана көрсөтүү катары жазылат (14-схема).

Мисалы:

**1-берене**

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 2, 116-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1. 4-berененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацы күчүн жоготту деп табылсын.

**Эскертүү:** эгерде ченемдик укуктук актынын күчүн жоготту деп табылуучу мааниге ээ компоненттеринин саны тексттин жарымынан ашык болуп, аларды алып салгандан кийин тексттин маанисин сактоо техникалык жактан кыйынчылыктуу болсо ал жаны редакция түрүндө жазылат, ошондой эле түзүмдүк элементтери күчүн жоготту деп табылган болсо, ал түзүмдүк элемент күчүн жоготту деп табылсын деп жазылат.

## 7. Ченемдик укуктук актыларды номерлөөнүн тартиби

Түзүмдүк элементтерди номерлөө ар бир түзүмдүк элемент үчүн ырааттуу болот: беренелер өзүнчө ыраат менен, берененин бөлүктөрү өзүнчө ыраат менен, пункттар өзүнчө ыраат менен номерленет (15-схема).

Ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүүдө жана ченемдик укуктук актынын түзүмдүк элементтерин күчүн жоготту деп табууда пункттардын, берененин бөлүктөрүнүн, беренелердин, главалардын, бөлүмдөрүнүн номерлерин өзгөртүүгө жол берилбейт (15-схема).

Толуктоо түзүмдүк элементтердин аягына киргизилсе, алардын ага чейинки номерлениши улантылат (16-схема).

Ченемдик укуктук акты жаңы түзүмдүк элемент менен толукталып, ал буга чейин бар болгон түзүмдүк элементтердин ортосуна киргизилсе, жаңы түзүмдүк элемент

негизги цифралык же тамгалык белгинин үстү жагына коюлуучу кошумча цифра менен номерлениши керек (16-схема).

## 8. Ченемдик укуктук актыга эскертме киргизүү

Эскертмелер өздөрү тиешелүү болгон түзүмдүк элементтин текстине тикелей киргизилет (17-схема).

## 9. Ченемдик укуктук актынын тиркемелерин тариздөө

Ченемдик укуктук актылардын тиркемелери болушу мүмкүн, аларга ар түрдүү тизмелер, таблицалар, графиктер, тарифтер, карталар, бланктардын, документтердин, схемалардын үлгүлөрү ж.б. жайгаштырылат.

Ченемдик укуктук актылардын тиркемелерин тариздөөдө ченемдик укуктук актынын текстине тиркемелер тууралуу сүйлөм киргизилет (18-схема).

Ченемдик укуктук актынын текстине тиркемелер тууралуу сүйлөм киргизилгенде тиркеменин номери араб цифрасы менен, № белгиси колдонулбастан жазылат (18-схема).

Тиркеменин белгилениши ченемдик укуктук актынын текстинен кийинки беттин жогорку оң бурчунда, ченемдик укуктук актынын катталган номери жана кол коюлган күнү көрсөтүлүп жайгаштырылат (19-схема).

Айрым учурда тиркеменин белгилениши ченемдик укуктук актынын текстинен кийинки беттин жогорку оң бурчунда, ченемдик укуктук актынын катталган номери жана кол коюлган күнү көрсөтүлбөстөн жайгаштырылат (19-схема).

Тиркеменин аталышы сапка ортолотуп жайгаштырылат жана карайтылган тамгалар менен берилет (19-схема).

## 10. Ченемдик укуктук актыны жазуунун методу

Ченемдик укуктук актынын текстин жазганда сүйлөм **предмет** жана **кыймыл-аракет** деген эки элементти кошуу менен башталат (20-схема).

**Предмет** – ким (же эмне) жөнүндө сөз жүрүп жатканын билдирет. Мисалы:

**Жыйналыш өтөт** деген сүйлөмдө сөз **жыйналыш** жөнүндө жүрүп жатат.

**Кыймыл-аракет** – предмет жөнүндө эмне айтылып жаткандыгын билдирет.

Мисалы:

**Жыйналыш өтөт** деген сүйлөмдө жыйналыштын (предметтин) **өтөөрү** тууралуу айтылып жатат.

Бул эки элементти бириктиргенден кийин алардын ар биринин белгилери жазылат (21-схема).

Мисалы:

предмет үчүн – **кварталдык** жыйналыш;

кыймыл-аракет үчүн **бир жолу** өтөт.

Бул учурда белгилери жазылган предмет – **кварталдык жыйналыш** предметтик сөз айкашы болуп эсептелет (22-схема).

Ал эми белгилери жазылган кыймыл аракет **– бир жолу өтөт** кыймыл-аракеттик сөз айкашы болуп эсептелет (22-схема).

Алар бириктирилип жазылат (22-схема).

Андан кийин предметтик сөз айкашынын (**кварталдык жыйналыш**) белгиси жана кыймыл-аракеттин сөз айкашынын (**бир жолу өтөт**) белгиси жазылат (23-схема).

Мисалы:

предметтик сөз айкашы боюнча – **айылдагы** кварталдык жыйналыш (23-схема);

кыймыл-аракеттик сөз айкашы боюнча – **үч айда** бир жолу өтөт (23-схема).

Алар бириктирилип жазылат (24-схема).

## 11. Ченемдик укуктук актылардын шаблондору

Ченемдик укуктук актыларды даярдоодо алардын шаблондорун колдонуу максатка ылайыктуу (25-36-схемалар).

Бул учурда негизги стилдик белгилер сакталат. Ошондуктан мындай стилдик өзгөчөлүктөрдү сактоо ченемдик укуктук актылардын бирдейлигин камсыз кылат.

**Азат Абдысадыр уулу**

Кыргыз тилинде ченемдик укуктук актыларды даярдоонун лингвистикалык-кодификациялык ченемдери

Техн. редактор Асылжанов Т.

Терүүгө 2014-ж. берилди. Басууга 2014-ж. кол коюлду. Көлөмү 1,0 шарттуу басма табак. Нускасы 200